**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ**
**ЖУСУП АБДРАХМАНОВ АТЫНДАГЫ**
**МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

**МАГИСТРАТУРА ПРОГРАММАСЫ**

Бекитилди
АИИ боюнча проректор
______________ Алкадырова Ч.М.

КРПМБА АИК тарабынан бекитүү үчүн сунушталган
2026-жылдын 25- февралы, №8 протокол

# МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫН ТАНДОО, ЖАЗУУ, ТАРИЗДӨӨ ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

580100 «Экономика», 580200 «Менеджмент»,
580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу»,
530500 «Юриспруденция» багыттары үчүн

**Бишкек 2026**

**УДК**

Магистрдик диссертацияны тандоо, жазуу, тариздөө жана коргоо боюнча бул методикалык колдонмо Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын магистранттарына, окутуучуларына, административдик кызматкерлерине арналган жана 5580100 «Экономика», 580200 «Менеджмент», 580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу», 530500 «Юриспруденция» адистиктеринде магистрдик диссертациялардын темасын тандоо, даярдоо жана коргоону уюштуруу, ошондой эле магистранттар тарабынан илимий макала жазуу жана жарыялоо боюнча уюштуруучулук жана методикалык көрсөтмөлөрдү камтыйт.

**Авторлор-түзүүчүлөр:**
э.и.д., профессор Токтобекова М.А.,
э.и.к., доценттин м.а. Жолонбаева А.Ж.

## Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| 1. | ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ............................................................. | 5 |
| | 1.1. Магистрдик диссертациянын негизги жоболору ................ | 5 |
| | 1.2. МДнын максаты жана милдеттери ...................................... | 6 |
| | 1.3. МДны даярдоо жана коргоонун жүрүшүндө өнүктүрүлүүчү компетенциялар ................................................. | 7 |
| 2. | УЮШТУРУУ БӨЛҮГҮ ............................................................ | 11 |
| | 2.1. МД боюнча иштөөнүн календардык планы ........................ | 12 |
| | 2.2. МДнын илимий жетекчисин дайындоо жана тандоо .......... | 14 |
| | 2.3. Тезис-семинар жана анын магистрдик диссертацияны жазуудагы ролу ........................................................................ | 14 |
| | 2.4. Магистрдик диссертациянын темасын бекитүү ................. | 15 |
| | 2.5. Илимий макала жазуу ........................................................ | 16 |
| 3. | МЕТОДИКАЛЫК БӨЛҮМ ........................................................ | 17 |
| | 3.1. Теманы тандоо .................................................................. | 17 |
| | 3.2. МДны долбоорлоо ............................................................. | 20 |
| | *3.2.1. МДдагы негизги маселе жана көйгөй деген эмне? ......* | 20 |
| | *3.2.2. Гипотеза деген эмне? ..................................................* | 22 |
| | *3.2.3.МДны жазууда теориянын ролу ...................................* | 22 |
| | 3.2. МДны жазуу үчүн деталдуу иш планы ............................... | 23 |
| | 3.3. МДнын түзүмү ................................................................... | 24 |
| | *3.3.1. Киришүү деген эмне? ..................................................* | 26 |
| | *3.3.2. МДнын резюмеси жана сунуштары кандай болот? ..* | 27 |
| | *3.3.3. МДнын негизги бөлүгү ..................................................* | 29 |
| | *3.3.4. Корутунду кандай жазылат? .......................................* | 30 |
| | 3.4. МДны тариздөө эрежелери ................................ | 30 |
| 4. | МДны баалоо ........................................................................ | 35 |
| | 4.1. МД жетекчисинен пикир жана баа алуу ............................. | 35 |
| | 4.2. МП жетекчиси тарабынан МДны баалоо жана коргоого уруксат берүү ........................................................................ | 35 |
| 5. | ПЛАГИАТ ПРОГРАММАСЫ ТУУРАЛУУ ............................. | 37 |
| | 5.1. Плагиат деген эмне? МДнын уникалдуулугу ..................... | 37 |
| | 5.2. Плагиат программасын колдонуп МДны коргоодон | |

| | | |
|---|---|---|
| | мурун текшерүү ........................................................................ | 38 |
| 6. | МДны коргоо ............................................................................ | 40 |
| | 6.1. Сөз сүйлөөгө, презентацияга кантип даярдануу жана эмне жөнүндө сүйлөө керек? ............................................ | 40 |
| | 6.2. Сүйлөө регламенти ................................................................ | 40 |
| | *1-тиркеме. Магистрдик диссертациянын темасын бекитүү боюнча арыздын үлгүсү* ................................................................ | 42 |
| | *2-тиркеме. МДнын титулдук барагын толтуруунун үлгүсү* .... | 43 |
| | *3-тиркеме. Академия тууралуу маалыматты тариздөө үлгүсү* ........................................................................................ | 44 |
| | *4-тиркеме. Дисклеймерди толтуруу үлгүсү* .............................. | 45 |
| | *5-тиркеме. МДнын мазмунунун тизмесин тариздөө үлгүсү* ..... | 46 |
| | *6-тиркеме. Кыскартуулардын тизмесин  тариздөө үлгүсү* ..... | 47 |
| | *7-тиркеме. Таблицалардын тизмесин тариздөө үлгүсү* ........... | 48 |
| | *8-тиркеме. Сүрөттөрдүн тизмесин тариздөө үлгүсү* ............. | 49 |
| | *9-тиркеме. Пайдаланылган адабияттардын тизмесин тариздөө үлгүсү* ........................................................................ | 51 |
| | *10-тиркеме. Илимий жетекчинин пикирин тариздөө үлгүсү* ................................................................. | 52 |
| | *11-тиркеме. «КРП МБА жарчысы» журналына жарыялоо үчүн берилген автордук материалдарга коюлуучу талаптар* ........................................................................... | 54 |

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Магистрдик диссертациянын негизги жоболору

Магистр квалификациясы – бул бүтүрүүчүнүн тиешелүү билим деңгээлин, илимий изилдөөчүлүк жана илимий-педагогикалык ишке даярдыгын чагылдырган академиялык даража болуп саналат.

Магистр даражасы магистрдик диссертацияны коргоонун негизинде берилет, анда магистрант өзүнүн иштелмелерине жана илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнө таянып, изилдөө жаатындагы көйгөйдү чечүү жолун сунуштайт.

КРП МБАнын магистрдик диссертациясы (мындан ары - магистрдик диссертация) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун актуалдуу көйгөйү боюнча толук илимий изилдөө болуп саналат, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдеги экономикалык, социалдык, укуктук жана коомдук процесстерди башкаруу жаатында коюлган көйгөйдүн теориялык жана колдонмо чечими болуп эсептелет.

МДнын темасы актуалдуу болушу, көйгөйлөрдү изилдөөгө арналышы жана конкреттүү болушу зарыл.

Магистрдик диссертация такшалмадан өтүүгө (илимий-изилдөө практикасы, мындан ары - ИИП) жана Академияда алынган теориялык билимдерди колдонууга негизделген. ИИПтин максаты - магистрдик диссертация үчүн маалыматтарды чогултуу ордун, булактарын жана методдорун аныктоо жана студенттин практикалык билимин ырастоо болуп саналат. Дипломдук иш мамлекеттик органдын тапшырмасына гана багытталган техникалык отчет болбошу керек; ал белгилүү бир методологияга, теорияга, изилдөөчүлөрдүн жана окумуштуулардын илимий эмгектерине негизделиши зарыл.

МД так логикалык түзүлүшкө ээ болушу керек. МДнын текстинде берилген тема боюнча учурдагы кырдаал талданат, көйгөйлөр аныкталат, чечимдер сунушталат, сунушталган чечимдердин мүмкүн болгон оң жана терс кесепеттери алдын ала болжолдонот. МДнын өзөгү - бул теманы изилдөө жана сунуштарды иштеп

чыгуу, жыйынтыктар жана сунуштар тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан атайын колдонулушун камсыз кылуу болуп эсептелет.

## 1.2. МДнын максаттары жана милдеттери

Магистрдик диссертация жазуу - магистранттын белгилүү бир тармактагы билимин тереңдетүү ыкмасы болуп саналат. Ошондой эле, ал магистранттарга келечектеги карьерасы үчүн маанилүү боло турган көндүмдөргө - документти так, системалуу даярдоо жана жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берет. Диссертация жазуунун негизги максаты - мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарында, мамлекеттик мекемелерде, ишканаларда жана башка субъектилерде белгилүү бир көйгөйдү изилдөөгө, талдоого жана аныктоого негизделген изилдөө көйгөйүн чечүү жана башкаруу системаларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп эсептелет.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү илимий жана практикалык **маселелерди чечүү зарыл**:

- изилдөөнүн негизги көйгөйүн аныктоо жана аны ишке ашыруунун так стратегиясын жана мөөнөтүн камтыган изилдөө планын өз алдынча түзүү;
- каралып жаткан маселеге байланыштуу теориялык билимдерди чыгармачылык менен колдонуу;
- белгилүү бир көйгөйдү чечүүгө багытталган илимий изилдөөлөрдү (социалдык, саясий, экономикалык, укуктук) өз алдынча жүргүзүү, мында методикалык принциптер жана изилдөө методдору изилдөөнүн ишенимдүүлүгүнө жана мыйзамдуулугуна кепилдик берилүүчү түрдө колдонулат;
- аныкталган көйгөйлөрдү чечүүдө жаңы билимдердин мууну боло турган өз изилдөөлөрүнөн тыянак чыгаруу;
- изилдөөнүн жыйынтыктарын так, негиздүү жана системалуу түрдө көрсөтүү;
- изилдөөнүн жыйынтыктарынын теориялык жана практикалык маанисин негиздөө.[1]

[1]Manual for Writing a Thesis University of Amsterdam, Graduate School of Social Sciences

Магистрдик диссертациянын үстүндө иш аяктагандан кийин, магистрант төмөнкүлөрдү **жасай алышы керек** :

- мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, экономика, мамлекеттик саясат, социалдык чөйрөдөгү башкаруу жана юриспруденция жаатындагы изилдөө көйгөйлөрүн өз алдынча аныктоо жана талдоо;
- алдыңкы теорияны колдонуу жана аны актуалдуу көйгөйлөр менен байланыштыруу аркылуу ар тараптуу билимди көрсөтүү;
- өзүнүн изилдөө түзүмүн иштеп чыгуу үчүн илимий булактарды системалуу жана сынчыл түрдө колдонуу;
- өзүнүн окуу процессин пландаштыруу жана башкаруу;
- жетекчилер жана кесиптештер менен иштиктүү деңгээлде кызматташуу.[2]

## 1.3. Магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоонун жүрүшүндө өнүктүрүлүүчү компетенциялар

580100 «Экономика», 580200 «Менеджмент», 580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу», 530500 «Юриспруденция» адистиктеринен магистрдик программалар боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоо магистранттарда төмөнкү компетенцияларды өнүктүрөт:

***580100 «Экономика»***

**а) универсалдуу:**

*- жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, ошондой эле идеологиялык, социалдык жана жеке жактан маанилүү көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык жана инновациялык мамилелердин негизинде чечүүгө багытталган стратегиялык көйгөйлөрдү талдоого жана чечүүгө жөндөмдүү;

*- инструменталдык (ИК):*

**ИК-2.** Инновацияларда жана илимий иш-аракеттерде колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды жана көлөмдүү маалыматтарды пайдалануу менен жаңы билимдерди өндүрүүгө жөндөмдүү;

[2]Master of Science in Business Administration School of Management and Governance University of Twent

**б) кесиптик (КК):**

*- илимий-изилдөө иш-аракеттеринде:*

**КК-1.** Ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр тарабынан алынган жыйынтыктарды жалпылап жана сын көз караш менен баалай билүүгө, келечектүү багыттарды аныктоого жана изилдөө программасын иштеп чыгууга жөндөмдүү;

**КК-2.** Тандалган илимий изилдөө темасынын актуалдуулугун, теориялык жана практикалык маанисин негиздей алууга жөндөмдүү;

**КК-3.** Иштелип чыккан программага ылайык өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**КК-4**. Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү, топтор жана жеке аткаруучулар үчүн тапшырмаларды даярдоо боюнча колдонмо пландарын жана программаларын өз алдынча иштеп чыгууга жөндөмдүү;

**КК-5**. Статистикалык изилдөөлөрдү жана сурамжылоолорду камтыган илимий изилдөөлөрдү уюштурууга жана жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**КК-6**. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын илимий коомчулукка макала же баяндама түрүндө сунуштоого жөндөмдүү;

*- аналитикалык иш-аракеттерде:*

**КК-10**. Микро жана макро деңгээлдерде экономикалык саясат чараларын баалоого жана стратегиялык чечимдерди кабыл алуу үчүн аналитикалык материалдарды даярдоого жөндөмдүү;

**КК-11**. Экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн ар кандай маалымат булактарын талдоого жана колдонууга жөндөмдүү;

**КК-12**. Ишкананын, тармактын, региондун жана жалпы экономиканын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн болжолдоого жөндөмдүү.

***580200 «Менеджмент»***

**а) универсалдуу:**

*- жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, ошондой эле идеологиялык, социалдык жана жеке жактан маанилүү көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык жана инновациялык мамилелердин негизинде чечүүгө багытталган стратегиялык көйгөйлөрдү талдоого жана чечүүгө жөндөмдүү;

*- инструменталдык (ИК):*

**ИК-2.** Инновацияларда жана илимий иш-аракеттерде колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды жана көлөмдүү маалыматтарды пайдалануу менен жаңы билимдерди өндүрүүгө жөндөмдүү.

**б) кесиптик (КК):**

*- аналитикалык ишмердүүлүк жаатында:*

**КК-5.** Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана бизнес-процесстерди башкаруу үчүн сандык жана сапаттык ыкмаларды колдоно билүүгө жөндөмдүү;
**КК-6.** Дүйнөлүк чөйрөдө экономикалык агенттердин жана рыноктордун жүрүм-турумун экономикалык талдоо ыкмаларын мыкты билген;
**КК-7.** Стратегиялык талдоо ыкмаларын мыкты билген;
**КК-8.** Бизнес-процесстерди башкаруу боюнча маалыматтуу чечимдерди кабыл алуу жана алардын натыйжалуулугун баалоо үчүн аналитикалык материалдарды даярдоого жөндөмдүү;

*- илимий изилдөө жаатында:*

**КК-12**. Ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр тарабынан алынган жыйынтыктарды жалпылап жана сын көз караш менен баалай билүүгө, актуалдуу көйгөйлөрдү аныктоого жана баяндап берүүгө жөндөмдүү;
**КК-13**. Тандалган илимий изилдөө темасынын актуалдуулугун, теориялык жана практикалык маанисин негиздей алууга жөндөмдүү;
**КК-14.** Илимий изилдөө программаларын өз алдынча иштеп чыгууга жана аларды компаниянын (тармактын) деңгээлинде ишке ашырууга жөндөмдүү;
**КК-15.** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын илимий коомчулукка макала же баяндама түрүндө сунуштоого жөндөмдүү;

***580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу»***

**а) универсалдуу:**

*- жалпы илимий (ЖИК)*

**ЖИК-1** .
Абстракттуу, когнитивдик жана системалуу ой жүгүртүүгө, алынган маалыматтарды иретке келтирүүгө, категорияларга бөлүүгө, тандоого, салыштырууга жана айырмалоого, ошондой эле аларды талдоого жана синтездөөгө жөндөмдүү;

**-** *инструменталдык (ИК):*

**ИК-2.** Инновацияларда жана илимий иш-аракеттерде колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды жана көлөмдүү маалыматтарды пайдалануу менен жаңы билимдерди өндүрүүгө жөндөмдүү;

**б) кесиптик (КК):**

*- консалтинг жана маалыматтык-аналитикалык:*

**КК 7.** Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу жаатындагы иш-аракеттерди баалоого жана стратегиялык чечимдерди кабыл алуу үчүн аналитикалык материалдарды даярдоого жөндөмдүү.

*- долбоорлоо:*

**КК 10.** Изилдөө темасы боюнча маалыматты чогултууга, иштетүүгө, талдоого жана системалаштырууга**,** изилдөө маселелерин чечүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын тандоог жөндөмдүү;

*- илимий изилдөөлөр жаатында;*

**КК 12.** Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү боюнча жумуш пландарын жана программаларын иштеп чыгууга, топтор жана жеке аткаруучулар үчүн тапшырмаларды даярдоого жөндөмдүү;

**КК 13.** Ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр тарабынан алынган жыйынтыктарды жалпылоого жана сын көз караш менен баалоого, багыттын келечегин аныктоого жана изилдөө программасын түзүүгө жөндөмдүү;

**КК 14.** Тандалган илимий изилдөө темасынын актуалдуулугун, теориялык жана практикалык маанисин негиздөөгө жөндөмдүү;

**КК 15.** Иштелип чыккан программага ылайык өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**КК 16.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий коомчулукка макала же баяндама түрүндө сунуштоого жөндөмдүү.

***530500 “Юриспруденция”***

**а) универсалдуу:**

*- жалпы илимий (ЖИК):*

- Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, ошондой эле идеологиялык, социалдык жана жеке жактан маанилүү көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык жана инновациялык

мамилелердин негизинде чечүүгө багытталган стратегиялык көйгөйлөрдү талдоого жана чечүүгө жөндөмдүү (ЖИК-1);

*- инструменталдык (ИК)*

- инновацияларда жана илимий иш-аракеттерде колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды жана көлөмдүү маалыматтарды пайдалануу менен жаңы билимдерди өндүрүүгө жөндөмдүү (ИК-2).

**б) кесиптик (КК)** :

*- укук коргоо иш-аракеттеринде:*

- юридикалык ишмердүүлүктүн белгилүү бир тармактарында ченемдик укуктук актыларды компетенттүү колдонууга, кесиптик ишмердүүлүктө материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин ишке ашырууга (КК-2);

*- эксперттик жана консалтингдик иш-аракеттерде:*

- ченемдик укуктук актыларды компетенттүү чечмелөөгө жөндөмдүү (КК-7);
- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун укуктук экспертизадан өткөрүүгө, анын ичинде алардагы коррупциянын көрүнүшү үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгө түзгөн жоболорду аныктоо максатында катышууга жана юридикалык ишмердүүлүктүн айрым багыттары боюнча квалификациялуу юридикалык корутундуларды жана консультацияларды берүүгө жөндөмдүү (КК-8);

*- илимий-изилдөө иш-аракеттеринде:*

- укук жаатында илимий изилдөөлөрдү компетенттүү жүргүүүгө жөндөмдүү (КК-11);

## 2. УЮШТУРУУ БӨЛҮГҮ

МДны жазуунун уюштуруу бөлүгү “Тезис-семинар” дисциплинасын аяктоодон жана бул методикалык колдонмо менен кылдат таанышуудан башталат. “Тезис-семинар” илимий-изилдөө ишинин милдеттүү бөлүгү болуп саналат жана чейректе же семестрде жок дегенде бир жолу өткөрүлөт. Бул дисциплина магистранттарга эмне талап кылынат, ким аткарат, качан аткарат, кантип аткарат ж.б. сыяктуу суроолор менен таанышууга жана аларга жооп берүүгө жардам берет. “Тезис-семинар” учурунда окутуучу ар бир магистрантка теманы кантип тандоо же аныктоо, көйгөйдү аныктоо жана изилдөө жана иштеп чыгуу иштерин жүргүзүү учурунда маалыматтарды чогултуу боюнча көрсөтмө берет. Магистранттар изилдөө жана иштеп чыгуу иштерин жүргүзүү учурунда

натыйжалуу ишти пландаштыруу үчүн бул колдонмо менен таанышышат. Изилдөөнүн жана диссертация жазуунун эң натыйжалуу жолу - пландаштыруу болуп саналат, андыктан диссертация жазуу үчүн график түзүү сунушталат.

## 2.1. МД боюнча иштөөнүн календардык планы

| № | МДны жазуу этаптары | Мөөнөттөр |
|---|---|---|
| 1 | Тезис-семинар боюнча лекцияларды угуу. | 1-курс, 1 триместр/1 семестр |
| 2 | МД үчүн изилдөө темасын аныктоо же тандоо | 1-курс, 1 триместр/1 семестр |
| 3 | МДнын темасын бекемдөө үчүн МПга арыз жазуу | 1-курс, 1 триместр/1 семестр |
| 4 | Изилдөө темасын бекитүү жана илимий жетекчини дайындоо буйрукка ылайык жүргүзүлөт | 1-курс 1 триместр/1 семестр |
| 5 | Изилдөө үчүн маалыматтарды жана материалдарды чогултуу жана аларды талдоо практикалардан өтүү жана илимий иштерди (ИИП, ИПП, ИИИ) жазуу мезгилинде жүргүзүлөт. | 1-курс, 2-курс ИИП, ИПП мезгилдеринде графикке ылайык |
| 6 | МДнын долбоорун иштеп чыгуу (МДнын мазмунун аныктоо, планын түзүү) жана илимий жетекчи менен макулдашуу | 1-курс 1 триместр/1 семестр |
| 7 | Изилдөө кандайча жүргүзүлөрү боюнча ырааттама түзүү. Ырааттама МДны жазуунун башталыш күнүн, ырааттуулугун жана ишти аяктоо мөөнөттөрүн чагылдырышы керек. | 1-курс 1 триместр/1 семестр |
| 8 | Библиография түзүү, илимий жетекчи менен макулдашуу | 1-курс 1 триместр/1 семестр |
| 9 | МДнын биринчи бөлүмүн жазуу | МДнын планына ылайык |
| 10 | МДнын экинчи бөлүмүн жазуу | МДнын планына ылайык |

| | | |
|---|---|---|
| 11 | Илимий макаланын жарыялангандыгынын далилин даярдап, тапшыруу[3]. | МДнын планына ылайык |
| 12 | МДнын үчүнчү бөлүмүн жазуу | МДнын планына ылайык |
| 13 | Корутунду жазуу | МДнын планына ылайык |
| 14 | Кыскача мазмунун, сунуштарын жана кириш сөзүн жазуу | МДнын планына ылайык |
| 15 | Колдонмолорду түзүү | МДнын планына ылайык |
| 16 | МДнын орфографиясын, грамматикасын жана стилин текшерүү | МДнын планына ылайык, биринчи алдын ала коргоодон 2 ай мурун |
| 17 | Баяндама жана презентация даярдоо. Алгачкы алдын ала коргоо[4]. | график боюнча |
| 18 | Жетекчи иштин мазмунун, орфографиясын, грамматикасын жана стилин текшерет. | экинчи алдын ала коргоо алдында |
| 19 | Баяндама жана презентация даярдоо. Экинчи алдын ала коргоо. | график боюнча |
| 20 | Магистрант илимий жетекчиден Пикир алат. | экинчи алдын ала коргоодон кийин, плагиатка каршы тестирлөөгө тапшыруудан мурун |
| 21 | МДнын акыркы версиясы плагиатты текшерүү үчүн Академиянын тиешелүү бөлүмүнө берилет. | коргоого үч жума калганда |
| 22 | МП жетекчисинин коргоого уруксаты | коргоого эки жума калганда |
| 23 | Презентацияны коргоо үчүн 5 нускада басып чыгаруу | коргооодон бир жума мурун |
| 24 | Баяндама жана презентация даярдоо. | график боюнча |

[3] КРП МБАнын Жарчысына жарыялануучу макалаларга коюлуучу талаптар 15-тиркемеде келтирилген. Башка мезгилдүү басылмалардагы макалаларга коюлуучу талаптарды басмаканалардын веб-сайттарынан тапса болот.

4 Бардык алдын ала коргоолордун графиги Академиянын расмий веб-сайтында ырааттаманы түзүүгө жооптуу түзүмдүк бөлүм тарабынан алдын ала жарыяланат.

| | | |
|---|---|---|
| | МДны коргоо | |

## 2.2. МДнын илимий жетекчисин дайындоо жана тандоо

Магистратура программасы Академиянын эң квалификациялуу, илимий даражага же кеңири практикалык тажрыйбага ээ окутуучуларынын арасынан илимий жетекчилердин тизмесин түзөт. Жетекчини дайындоо Академиянын буйругунун негизинде жүргүзүлөт. Жетекчи магистрдик диссертациянын мазмуну, планы, түзүмү жана илимий негиздемеси үчүн жоопту болот, магистрантка диссертацияны жазуу жана коргоо учурунда колдоо көрсөтөт.

Биринчи тезис-семинардан кийин, студент теманы аныктоо үчүн Академиянын окутуучулары менен кеңешип, изилдөө темасы көрсөтүлүп толтурулган арызды жетекчиге тапшырат (*1-тиркеме)*. Арыз берүү процессине жана студенттин окуу жүгүнө таянып, МПнын жетекчиси буйрук даярдайт, ага кол коюлгандан кийин магистрантка магистрдик диссертациянын изилдөө темасын жана жетекчини дайындайт.

## 2.3. Тезис-семинар жана анын магистрдик диссертацияны жазуудагы ролу

“Тезис-семинар” дисциплинасын окуткан окутуучу магистранттарды диссертацияны жазуу методикасы, тариздөө эрежелери, көлөмү, тартиби жана мөөнөттөрү менен тааныштырат. “Тезис-семинар” учурунда магистрант өзүн кызыктырган тармактагы теманы тандап, башка магистранттар менен актуалдуулугун жана көйгөйүн талкуулап, диссертациянын темасын аныкташы керек. Изилдөө долбоорун талкуулагандан кийин, диссертациянын темасы жетекчи тарабынан бекитилет.

Тезис-семинарлар триместрде/семестрде аз дегенде бир жолу өткөрүлөт жана студенттин иш-аракеттеринин багытын аныктайт.

Биринчи тезис-семинар окуунун биринчи триместринин/семестринин башында өткөрүлөт жана теманы тандоо, негизги маселени түзүү, изилдөө темасынын көйгөйлөрүн чечүү жана илимий жетекчини аныктоо милдетин коёт.

Экинчи тезис-семинар экинчи триместрде өткөрүлөт жана магистранттарга КРП МБАдагы магистрдик диссертациянын түзүмү, элементтери, гипотезаны түзүү, магистрдик диссертациянын планы, магистрдик диссертациядагы теориянын ролу жөнүндө түшүнүк берет жана магистрдик диссертациянын планын бекитүү жана биринчи бөлүмүн жазуу милдетин коёт.

Үчүнчү тезис-семинар үчүнчү триместрде өткөрүлөт жана магистранттарды илимий-изилдөө практикасынын (ИИП) жана илимий-педагогикалык практиканын (ИПП) максаттары, милдеттери, практикалар боюнча отчет берүү формасы менен тааныштырат жана илимий жетекчилерден жеке тапшырмаларды алуу жана МДнын экинчи бөлүмү үчүн материалдарды топтоо милдетин коёт.

Төртүнчү тезис-семинар төртүнчү триместрдин башында өткөрүлөт жана магистранттарды илимий макалага коюлуучу талаптар, диссертацияны, графикалык материалдарды жана библиографияны тариздөө эрежелери менен тааныштырат.

Бешинчи жыйынтыктоочу тезис-семинар бешинчи триместрде өткөрүлөт жана магистранттарды плагиат текшерүүсүнөн өтүү, алдын ала коргоодон өтүү, жетекчиден пикир алуу, кайра карап чыгуу, коргоого уруксат алуу жана диссертацияны коргоо үчүн отчетту даярдоо жол-жоболору менен тааныштырат.

Тезис-семинарлардын жүрүшүндө студенттер ошондой эле бул окуу куралы менен да тааныштырылат.

## 2.4. МДнын темасын бекитүү

Магистрант теманы өз алдынча, кесиптик жана академиялык кызыкчылыктарына жараша же жетекчисинин сунушу боюнча тандайт. Тема тезис-семинарда талкууланышы мүмкүн. Андан кийин магистрант МПнын жетекчисине магистр даражасынын темасын бекитүү үчүн жазуу жүзүндө арыз берет ( *1-тиркеме*).

Магистрдик диссертациянын темаларын бекитүү КРП МБАнын ректорунун же проректорунун буйругу менен жүргүзүлөт. Тема бардык практикаларды аяктагандан кийин студенттин каалоосу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн. Окуунун

төртүнчү триместринен кийин студент магистрдик диссертациянын темасын өзгөртө албайт.

## 2.5. Илимий макала жазуу

Магистрант диссертациясын алгачкы алдын ала коргоодон мурун, диссертациясынын темасы боюнча жок дегенде бир изилдөө макаласын даярдап, жарыялашы керек. Изилдөө макаласы өз алдынча же илимий жетекчиси менен биргеликте жазылып, жарыяланышы керек.

Магистрдик диссертация үчүн жазылган изилдөө макаласында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары эске алынышы керек. Илимий макалада автор магистрдик диссертациянын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган негизги жыйынтыктарга токтолушу керек.

Изилдөө макаласы илимий журналдарда же КРП МБАнын Жарчысында же башка илимий мезгилдүү басылмаларда жарыяланышы мүмкүн. КРП МБАнын Жарчысына жарыялануу үчүн магистранттын изилдөө макаласы белгиленген талаптарга жооп бериши керек ( *11-тиркеме* ).

Эгерде магистрант КРП МБАнын Жарчысына макала жарыялоону чечсе, анда ал макалага рецензия жазуунун кажети жок; КРП МБАнын Жарчысына берилген макаланын басылган версиясына илимий жетекчинин колу жетиштүү [5].

Магистрдик диссертациянын стандарттык көлөмү 3-5 бетти түзөт. Макаланын так түзүмү болушу керек, ага аталышы, аннотациясы, негизги сөздөрү, изилдөө ыкмалары, негизги бөлүгү жана пайдаланылган адабияттардын тизмеси кирет. Макаланы тариздөө критерийлери журналдын талаптарына же мамлекеттик стандарттарга негизделет[6].

Макала жазууда илимий стилди колдонуу зарыл. Илимий макалада магистранттын макаласынын автору тандалган изилдөө темасынын алкагында актуалдуу маселени козгошу керек. Автор үчүнчү жакта баяндоону колдонорун эстен чыгарбоосу зарыл.

---

[5] КРП МБАнын магистранттары үчүн макаланы КРП МБАнын Жарчысында жарыялоонун баасы бир бетине 50 сомду түзөт.

[6]КРП МБАнын Жарчысына макалаларга коюлуучу талаптар 11-тиркемеде келтирилген. Башка мезгилдүү басылмалардагы макалаларга коюлуучу талаптарды басмаканалардын веб-сайттарынан тапса болот.

Изилдөө макаласын жазууда ошол эле тема боюнча башка авторлордун эмгектерин талдоо маанилүү. Бул сереп макаланы жогорку сапатта даярдоого мүмкүндүк берет жана анын уникалдуулугун камсыздайт. Эгерде коюлган талаптар, анын ичинде тексттин уникалдуулугу жана орфографиялык ченемдер сакталбаса, басма магистранттын изилдөө макаласын жарыялоодон баш тартууга укуктуу экенин белгилей кетүү маанилүү.

Илимий жетекчи биргелешкен макаланы жазуу боюнча магистрантка өзүнүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгү боюнча окуу жүгүнүн алкагында кеңеш берет жана колдоо көрсөтөт.

# 3. МЕТОДИКАЛЫК БӨЛҮМ

## 3.1. Теманы тандоо

МДнын темасы актуалдуу, конкреттүү болушу керек жана коомдо же өлкөдө актуалдуу болуп жаткан жана магистранттын адистигине тиешелүү болгон көйгөйдү чечиши керек. Көйгөй жашыруун, салттуу же курч болушу мүмкүн. МДнын темасы убакыт жана мейкиндик боюнча чектелүү болушу, башкача айтканда, конкреттүү жана бир маселеге багытталган болушу зарыл. Көйгөйдүн олуттуулугу да маанилүү. Көйгөй чечилүүчү да болушу талап кылынат. МДны жазып жатканда жана сунуштарды иштеп чыгууда студенттер өлкөнүн чыныгы саясий, экономикалык, социалдык, укуктук жана финансылык аспектилерин эске алып, мүмкүн болгон кадамдарды сунушташы керек. Сунуштар кыска же узак мөөнөттүү болушу мүмкүн. Ошондой эле, МДны жазып баштаганда эле студент өзүнүн сунуштары (көйгөйлөрдү чечүү, тобокелдиктерди, оң жана терс аспектилерди баалоо) Кыргыз Республикасында кимге же кайсы органга багытталганын так көрсөтүшү талап кылынат.

Магистрант магистратурага тапшыруудан мурун алдын ала изилдөө темасын түзүп, документтерди тапшыруу учурунда, мотивациялык катта темасынын актуалдуулугун белгилеши керек. Магистранттар алдын ала теманы/көйгөйдү жумуш ордунда талкуулап, ошону менен келечектеги диссертациясынын практикалык актуалдуулугун жогорулатып, магистрдик программаны аяктагандан кийин изилдөөлөрүн өзү иштеген жамаатка сунуштай алышат.

Кабыл алынгандан кийин, биринчи семестрде магистрант өзүнүн кесиптик тажрыйбасына жана илимий кызыкчылыктарына таянып, магистрдик диссертациясынын темасын түзөт жана сунуштайт. Бул тема МПга берилет. Бул этапта магистранттын сунушталган изилдөө көйгөйүнө өзүнүн көз карашын, түшүнүгүн, негиздемесин жана актуалдуулугун бир же бир нече окутуучулар менен талкуулоосу маанилүү. Магистрдик диссертациянын темасы сунушталат жана Академиялык иштер боюнча комиссияга талкуулоо үчүн берилет ( *2.1-2.4-пункттарды караңыз*). Магистрдик диссертациянын үстүндө иштөө учурунда изилдөөнүн темасы же объектиси өзгөртүлүшү мүмкүн. Теманын акыркы варианты Академиянын ректорунун же проректорунун буйругу менен бекитилет; өзгөчө учурларда, практика өтүп жаткан мекеменин жетекчилиги менен макулдашылат.

Илимий жетекчи жана МПнын жетекчиси магистрдик диссертация үчүн өздөрүнүн темаларын сунуштай алышат, ошондой эле мамлекеттик органдарды жана ведомстволорду кошо алганда, жумуш берүүчүлөрдүн суроо-талаптарына негизделиши мүмкүн, бирок тема боюнча чечимди магистрант кабыл алат. Илимий-изилдөө практикасы өткөрүлгөндөн кийин жумуш ордунун өзгөрүшүнө же магистрдик изилдөө темасына болгон кызыгуунун өзгөрүшүнө жараша МДнын темасы өзгөртүлүшү же оңдоо киргизилиши мүмкүн.

Магистранттарга магистрдик диссертациясынын темасын алар иштеген же иштөөнү пландап жаткан практикалык ишмердүүлүк тармагына жараша тандоо сунушталат.

Бир тема боюнча эки же андан көп магистрдик диссертация жазууга уруксат берилбейт – көзөмөлдү МП жетекчиси жүргүзөт.

Магистрант МДнын долбоорун жана иш планын илимий-изилдөө практикасына бир ай калганда илимий жетекчисине тапшырат. Практика өтүүчү жердин профили жана иштин мазмуну магистранттын диссертациясынын темасына шайкеш келиши керек.

**МДнын темасы:**

- изилдөөчүнүн жеке кызыгуусун көздөшү керек;

- белгилүү бир оригиналдуулугу жана практикалык мааниси болушу керек;
- эмпирикалык байкоолордон келип чыгышы ыктымал;
- адабияттарды карап чыгуу менен сунушталышы мүмкүн;
- башка илимий-изилдөө мекемесинин башка илимий-изилдөө долбоору тарабынан сунушталышы мүмкүн;
- илимий жетекчи же МПнын жетекчиси тарабынан сунушталышы мүмкүн;[7]

Магистрдик диссертациянын темалары жана жетекчилери магистранттардын теманы бекитүү боюнча берген арыздарын чогултуудан кийин буйрук менен бекитилет (*2.3-бөлүмдү караңыз*)[8]. Бекитилгенден кийин, тема магистрант тарабынан аткарууга кабыл алынышы керек.

Магистрдик диссертациянын темасын өзгөртүү магистранттын проректорго же ПМ башчысына жазган жазуу жүзүндөгү арызы боюнча, магистрдик диссертацияны коргоого чейин алты айдан кечиктирилбестен илимий жетекчи менен алдын ала макулдашуу аркылуу мүмкүн болот.

Диссертация жазуу, албетте, өз алдынча, жеке иш болгону менен, студенттердин ортосундагы кызматташуу да четте кагылбайт жана ал тургай кубатталат. “Тезис-семинар” дисциплинасы учурундагы талкуулар жана окшош темалар боюнча даярдыксыз туруп жүргүзүлгөн дебаттар ар бир магистранттын ой жүгүртүүсүн байытышы керек. Командалык иш ар бир магистрант үчүн пайдалуу. Окутуучуга кагазга бир нече сөз жазып берүүнүн ордуна, иштин эң толук, жакшы иштелип чыккан версиясын сунуштоо керек. Ошентип, студенттин жетекчи менен болгон талкуусу тыкат болот. Андан тышкары, сынга, талаш-тартышка жана пикир келишпестиктерге даяр болуу маанилүү. Бул сынды кайдыгерлик менен кабыл алуу эмес, тескерисинче, эң “жагымсыз” сынга да татыктуу жооп берүү үчүн күчтүү жана конструктивдүү аргументтерди даярдоо керек. Бул ошондой эле диссертацияны коргоого даярдануунун жана күтүүсүздөн берилген суроого жооп бере албай калбоонун жакшы жолу болуп саналат.[9]

---

[7]*Франсуа Майе*, Экономика жана социалдык илимдерди иликтөө жана изилдөө методдору, 2003. Француз тилинен которгулган.
[8]Теманы бекитүү үчүн арыздын үлгүсү *4-тиркемеде келтирилген.*
[9]*Annie Reitmann* “Methodologies de these et de memoire”, Studyrama, 2012.

## 3.2. МДны долбоорлоо

МДнын долбоору Тезис-семинар учурунда же адистештирилген курста (мисалы, Изилдөө методологиясы жана академиялык жазуу) аудиторияга сунушталышы мүмкүн жана 2 беттен турат.

**Изилдөө долбоору**[10] төмөнкү элементтерди камтыйт:

- изилдөө темасы;
- бул теманын актуалдуулугу;
- негизги/изилдене турган маселе;
- көйгөйлөр;
- гипотезалар;
- теориялык негиз;
- изилдөө методологиясы жана маалыматтарды топтоо иштери.

### *3.2.1. Негизги маселе жана көйгөй деген эмне?*[11]

Негизги көйгөйлүү маселени аныктоо менен, изилдөөчү топтолгон тажрыйбадан келип чыккан изилдөө максаттарын аныктайт. Ал бул көйгөйгө чечим табууга же жөнөкөй/татаал түшүндүрмө берүүгө аракет кылышат. Изилдөөнүн бул этабында магистрант төмөнкү суроолорго жооп берүүнү максат кылат: Кайсы маселе изилденип жатат? Бул изилдөө эмне үчүн зарыл? Бул изилдөөгө эмне түрткү берди?

Көйгөй көбүнчө кеңири мааниде кабыл алынат, изилдөөчү белгиленген мөөнөттө чечиле турган милдеттер жана жеткиликтүү ресурстар менен анын чектерин аныктайт. Берилген тема чече турган бардык маселелердин ичинен изилдөөчүнүн объективдүү чектөөлөрүн эске алуу менен бир нече изилдөө максаттарын аныктоого болот. Бул максаттар жалпы мүнөздө болушу мүмкүн, ар бири өзүнчө изилдөөнүн предметине айланат.

Изилдөө маселеси – бул негизги (фундаменталдык) изилдөө көйгөйүн түзгөн максаттардын жыйындысы. Фундаменталдык изилдөө көйгөйү – бул изилдөөнүн

---

[10] Institutd'EtudesPolitiquesd'Aix en Provence, France, demandes pour les doctorants.

[11] *Франсуа Майе* , Экономика жана социалдык илимдерди иликтөө жана изилдөө методдору, 2003. Француз тилинен которулган.

негизинде жаткан негизги максаттын конкреттүү, бирок кыскача баяндамасы. Маселе бул иште талкууланбай турган, бирок изилдөөчүнүн белгиленген максаттардын ичинен бир конкреттүү аспектини тандоосун негиздөөгө жардам бере турган кошумча максаттардан турушу мүмкүн.

Изилдөө темасы изилдөөчүнүн негизги милдетин чагылдырат, ал тарыхый, теориялык же практикалык контекстте жайгаштырылышы керек.

Туура түзүлгөн изилдөө маселеси төмөнкү негизги касиеттерге ээ болушу талап кылынат:

- изилдөөнүн маанилүү көйгөйүн чагылдыруу;
- кызыксыз же олуттуу эмес теманы албоо;
- эмпирикалык же теориялык баалоону жеткиликтүү формада чагылдыруу;
- статистика же фактылар менен тастыкталышы;
- фундаменталдык изилдөө маселесинде чагылдырылышы мүмкүн, аны кошумча суроолорго бөлүүгө болот.

*Көйгөйдү баяндоо*

Долбоордун негизги компоненти - көйгөйдүн коюлушу. Көйгөйдүн коюлушу теманын өзгөчөлүгүн жана магистрант эмнени изилдей турганын так аныктайт. Көйгөйдүн коюлушу ошондой эле автор тандаган теманы изилдөө эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүрүшү керек, б.а., изилдөөнүн социалдык жана илимий маанисин негиздеши зарыл. Көйгөйдүн коюлушу, адатта, негизги изилдөө маселесинен жана андан келип чыккан көптөгөн кошумча суроолордон турат. Бул суроолор максаттуу изилдөөнүн алкагында жооп берүүгө боло тургандай кылып түзүлүшү керек.

Берилген маселеге жооп бере алаарыңызды текшериңиз. Магистрдик диссертация философия докторунун диссертациясы эмес! Магистрдик диссертацияңызда глобалдык жакырчылык же глобалдык миграция көйгөйүн чечүүгө аракет кылбаңыз. Темаңыздын конкреттүү экенине жана берилген убакыттын ичинде изилдене ала тургандыгына ынаныңыз.

Суроо тезистин (МД) максатын так көрсөтүшү керек: кайсы теманы изилдейсиз? Жана эмне үчүн ал тема талкуулоого арзыйт? Кайсы конкреттүү суроого жооп бересиз?

Бир жагынан, изилдөө планына жана көйгөйлүү маселелерге, экинчи жагынан, башка изилдөөчүлөр бул тармакта эмнелерди жасаганын чагылдырууга өзгөчө көңүл буруу керек. Бул маалыматты, мисалы, тиешелүү журналдардын акыркы сандарынан тапса болот.

### *3.2.2 Гипотеза деген эмне?*[12]

Көйгөй аныкталгандан кийин, изилдөөчү чечим сунуштоону чечет, ал суроону изилдөөнүн негизги этаптары менен коштолгон башка бардык тесттерге дуушар кылгандан кийин гана алдыга жылдырат. Ал эми гипотеза алардын изилдөөлөрүндө багыттоочу өзөк катары кызмат кылат.

Изилдөө гипотезасы – бул изилдөө процессинде тастыкталышы же четке кагылышы керек болгон изилдөө көйгөйүнө сунушталган убактылуу чечим. Изилдөөчү изилденип жаткан көйгөйдүн убактылуу чечими катары изилдөө жүргүзүүдө аткара турган жетиштүү так көрсөтмөлөрдү берет. Изилдөө гипотезасы ар дайым изилдөө көйгөйүнө жана анын максатына негизделип, маселенин такталышы керек болгон аспектилерине кайрылышы керек.

Изилдөө гипотезасы убактылуу сунушталган чечим болсо да, негизинен декларативдик түрдө берилиши керек. Иш жүзүндө, изилдөө гипотезасы дал ошондой аткарылышын талап кылган эмес, “сунушталган чечим” катары түзүлүшүн камсыз кылуу үчүн “эгерде..., анда...” формуласын колдонсо болот.

### *3.2.3. МДнын жазууда теориянын ролу*

Теория изилдөө процессинде борбордук орунду ээлейт, изилдөө максаттарын аныктоодо да, башка этаптарда да өз орду бар. Теория алынган маалыматтарды иштетүү принциптерин аныктоого жана изилдөөнүн илимий билимдин өнүгүшүнө кошкон салымын баалоого мүмкүндүк берет.

[12]Франсуа Майе, Экономика жана социалдык илимдерди иликтөө жана изилдөө методдору, 2003. Француз тилинен которулган.

Теория төмөнкү маселелерди чечет:[13]

1. Көйгөйдү жалпысынан аныктоого мүмкүндүк берет жана олуттуу эмес ой жүгүртүүлөрдү жана пикирлерди жокко чыгарат. Тандалган тема боюнча изилдөө жүргүзүүдөн мурун, изилдөөнүн багытын тактоого жардам берет.

2. Теориялар тобунун ырааттуулугуна ылайык, тандалган тема боюнча изилдөө жүргүзүүнүн чектөөлөрүн жана кыйынчылыктарын аныктоого мүмкүндүк берет. "Адабиятка сереп" (АС) ушул максатта түзүлгөн.

3. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн маанисин негиздөө үчүн, изилдөөнү бир катар ой толгоолордон өткөрүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан, изилдөө көйгөйүн баяндаганда, тема кайсы илимий теорияларга тиешелүү экенин жана бул теориялар кантип өнүккөнүн кыскача түшүндүрүү керек.

4. Бул сыяктуу көйгөйдү чечүү үчүн башка изилдөөчүлөр тарабынан колдонулган бир катар методикалык ыкмаларды ачып берүүгө мүмкүндүк берет. Методикалык ыкмалар боюнча адабияттарга сереп салуу бул максатка жетүүгө жардам берет.

Көп учурда, ар кандай изилдөөлөрдө теория менен практика тууралуу керексиз талаш-тартыштар пайда болот. Чындыгында, биз көрүп тургандай, ар кандай изилдөө теорияга да, практикага да таянат. Теория камтылбаса, теориялык түшүнүктөр чечмеленип берилбесе, негизги себептер терең түшүндүрүлбөсө, изилдөө көбүнчө адаттагыдай, көрсөтмөлөргө негизделген практикаларды үстүртөн сүрөттөө менен чектелет, иш-аракеттерди жөн гана баяндап берүүгө айланат. Демек, теория бардык изилдөөлөр үчүн жол көрсөткүч катары кызмат кылат.

## 3.2. МДнын деталдуу иш планы

Магистрдик диссертациянын болжолдуу планы магистрдик диссертациянын темасы алдын ала бекитилгенден кийин жана илимий-изилдөө практикасынан (ИИП) өткөнгө чейин илимий жетекчи менен макулдашылат. ИИПтен кийин жана топтолгон маалыматтарды талдап чыккан соң, магистрант магистрдик диссертациянын деталдуу планын иштеп чыгып, аны илимий жетекчи менен талкуулашы керек. Бул деталдуу план магистрдик диссертацияны жазуу

---

[13]*Франсуа Майле* , Экономика жана социалдык илимдерди изилдөө жана изилдөө методдору, 2003. Котормо менен Французча тил .

процессинде өзгөрүшү мүмкүн, бирок план түзүп алуу магистрантка процессти тездетүүгө жардам берет.

План түзүү магистрдик изилдөөнүн негизи болуп саналат, алдыдагы ишти жазууну жеңилдетет, жана дал ушул план түзүү учурунда изилдөө жөндөмдөрү ачыкка чыгат...[14]

***Планды кантип иштеп чыгуу керек?***

1. Диссертациянын темасынын негизги сөздөрүн колдонуп, студент библиография түзүп, андан соң аны классификациялашы керек.
2. Негизги китептерди жана макалаларды окууда колуңузга калем алып, бир (же бир нече) автордун ой жүгүртүүсүнүн же талдоосунун зарыл үзүндүлөрүн белгилеп туруңуз, бул макаланы жазууда, айрыкча пикирлерди жана теориялык жалпылоолорду салыштырууда, ошондой эле теория менен фактыларды салыштырууда алмаштыргыс курал катары кызмат кыла турган окуу карталарын түзүү үчүн жүргүзүлөт.
3. МД канча бөлүмдөн тураарын аныктаңыз. Теориялык, тарыхый, эмпирикалык, көйгөйлүү жана методологиялык бөлүмдөрдү түзүңүз, аларды главаларга бөлүңүз жана главаларды кененирээк баяндап жазыныз.

Мындай планды иштеп чыккандан кийин, сиз түздөн-түз МДнын текстин жазууга өтсөңүз болот:

1. Негизги текстти классикалык методология боюнча жазуудан баштаңыз (адатта эки глава, эки параграфтан турат).
2. Кириш сөз жазыңыз.
3. Корутунду жазыңыз: алгач, кириш сөздө берилген маселеге колдонулган аргументтерди жалпылоо менен жооп бериңиз; андан кийин иштин темасына байланыштуу маселелерди талкуулоону сунуштаңыз.

## 3.3. МДнын түзүмү

Даяр болгон МД төмөнкү бөлүктөрдү так ырааттуулукта камтышы керек:

1. Титулдук барак.

[14]*Энни Рейтманн* "Методологиялар жана мемуарлар", Studyrama, 2012.

2. Академия жөнүндө маалымат.
3. Дисклеймер (Отчетто берилген маалымат үчүн изилдөөнүн авторлорунун толук жоопкерчилиги жөнүндө билдирүү).
4. Мазмуну.
5. Кыскартуулардын тизмеси.
6. Таблицалардын тизмеси.
7. Сүрөттөрдүн тизмеси.
8. Резюме жана сунуштар.
9. Киришүү.
10. Негизги бөлүм (главалар, бөлүмдөр ж.б.).
11. Корутунду.
12. Пайдаланылган адабияттардын тизмеси.
13. Тиркемелер.

Сунуштар конкреттүү, иш жүзүндө колдонулуучу болушу жана төмөнкү таблицада көрсөтүлүшү керек:

| **№** | **Иш-чара** | **Көзөмөлдөөчү орган** | **Аткаруу органы** |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Белгилүү бир сунушту ишке ашыруунун финансылык, социалдык жана саясий таасирлерин эске алуу маанилүү.

Магистрдик диссертация тиркемелерди кошпогондо 70-80 барак болушу керек.

МДнын текстинде атайын терминология камтылышы зарыл. Анда текшерилген маалыматтар жана катасыз эсептөөлөр берилет, божомолдор фактылардан бөлүнүшү керек. МДнын текстинде кооздоочу, эмоционалдуу же ашыкча сөздөр жана сөз айкаштары жазылбайт. Мисалы, “*тилекке каршы*”, “*коркунуч менен байкоого болот*”, “*өтө олуттуу нерселер*” ж.б. Айрым билдирүүлөрдүн таасирин негизсиз күчөткөн же басаңдатуучу сөздөргө, мисалы: “тоодой акча”, “көлдөй каражат”, “тамчыдай бөлүгү”, “бир үзүмү”, “болор-болбос санда” ж.б. тыюу салынат.

МДда ар бир билдирүү фактылар менен далилденип, тастыкталышы керек. Мисалы, “*Биздин өлкөдө көптөгөн адамдар Анталияда эс алууну жакшы*

*көрүшөт”* деген пикир автордун айрым окуяларды жеке кабылдоосуна негизделген ырастама болуп саналат. Ал эми “*Улуттук статистика комитетинин (УСК, 2025) маалыматы боюнча, жыл сайын Кыргыз Республикасынан Түркияга 100 000 турист кетет”* деген билдирүү негиздүү болуп эсептелет.

Текстте сандык маалыматтар талдоосуз колдонулбашы керек. Сандарды окурман эмес, автор талдашы керек. Текстте сандык көрсөткүчтөрдү, даталарды ж.б. колдонгондо, булагын көрсөтүү зарыл.

Текст булактарга жана башка документтерге шилтемелер менен бекемделиши керек. Шилтемелер эскертме катары берилет (төмөндө караңыз).

Текст түзүмдөлгөн жана мүмкүн болушунча объективдүү болушу, так, логикалык ырааттуулукта жазылышы керек.

Текстте орфографиялык жана тыныш белгилериндеги каталарды кетирбөө үчүн текшерүү керек. Текст кабыл алууга ылайыктуу болушу керек, иллюстрацияларды, диаграммаларды, схемаларды ж.б. колдонуу кубатталат.

### *3.4.1 Киришүү деген эмне?*

Киришүүдө тандалган изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделет, максаттар жана милдеттер баяндалат, изилдөөнүн объектиси жана предмети, теориялык-методологиялык негизи жана маалымат базасы, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн колдонмо гипотезасы, теориялык жана/же практикалык мааниси аныкталат.

Кириш сөзүн кыскача жазуу зарыл. Анда тема, анын актуалдуулугу жана аргументтерди кантип өнүктүрүүнү пландоо ар дайым так көрсөтүлүшү керек. Методиканы тандоону негиздеп берүүгө аракет кылуу керек. Изилдөөнүн бир бөлүгү болгон кеңири теориялык түзүмдү ар дайым эсиңизден чыгарбаңыз.

Негизги түшүнүктөр: Өз ыкмаңызды кыскача түшүндүрүп бериңиз жана эмне үчүн башка ыкма эмес, бул ыкманы тандаганыңызды түшүндүрүүгө аракет кылыңыз. Эмне үчүн айрым аспектилер эске алынган жок? Диссертациянын

өзөгүн эмне чындап түшүндүрөт? Негизги түшүнүктөр кайсылар? Деген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүңүз.

Көйгөйдүн баяндамасы так жана түшүнүктүү болушу керек.

Кириш сөздө кайсыл иш аткарылбай калганын жана эмне үчүн аткарылбагандыгын майда-чүйдөсүнө чейин жазуунун кереги жок. Бул окурман үчүн кызыктуу эмес. Чектелген убакыттын ичинде жазылышы керек болгон макалага баарын камтый албай турганыңызды баары билет. Окурмандар сиздин кемчиликтериңизге эмес, ийгиликтериңизге кызыгышат.

Киришүү эң татаал этап болуп саналат, анткени ал теманы мүмкүн болушунча кенениреэк баяндап, ошол эле учурда окурманды берилген материалдын негиздүү экенине ынандырууну талап кылат. Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл: теманы тааныштыруу жана түшүндүрүү (кайсы мезгил аралыгы, өлкө, шилтеме берилген авторлор ж.б.); көйгөйдү, башкача айтканда, иштин багытын аныктоо.

**МДнын кириш сөзү төмөнкү элементтерди камтышы керек:**

- Изилдөө темасынын актуалдуулугу.
- Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.
- Изилдөөнүн предмети.
- Изилдөөнүн объектиси.
- Изилдөөнүн негизги суроосу жана көйгөйлөрү.
- Диссертациялык изилдөөнүн колдонмо гипотезасы.
- МДнын теориялык негиздери.
- Изилдөө методологиясы.
- Изилдөөнүн теориялык мааниси (эгер бар болсо).
- Изилдөөнүн практикалык мааниси/жаңылыгы.

*3.4.2. МДнын резюмеси жана сунуштары деген эмне?*

Резюме магистрдик диссертациянын эң маанилүү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат, анткени ал көбүнчө толук тексттен мурун окулат. Резюменин негизинде окурман иштин кызыктуу жана окууга арзырлык экендигин чечет. Резюмеде иштин бүтүндөй мазмуну кыскача баяндалат; магистранттар диссертациясынын

максаттарын, методологиясын, негизги тыянактарын, корутундусун жана илим үчүн диссертациянын маанисин кыскача сүрөттөп бериши керек.

МДнын резюмеси сунуштамалар менен таблицаларды кошкондо эки беттен ашпашы керек жана төмөнкү маалыматтарды камтышы зарыл.

***Мисалы:***

"**Калкты социалдык насыялоонун теориялык жана методикалык негиздери"** деп аталган биринчи главада социалдык насыянын теориясы менен методикасын жана анын калктын социалдык жашоо деңгээлин жогорулатуудагы ролу каралат, ошондой эле анын объективдүү зарылдыгы негизделет.

**"Калкты социалдык насыялоонун заманбап практикасын талдоо"** деген аталыштагы экинчи главада заманбап экономиканын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүнө жана Кыргыз Республикасынын калкын социалдык насыялоонун өнүгүү тенденцияларына сереп салынат, ошондой эле калк үчүн социалдык насыялоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жаатындагы чет өлкөлүк тажрыйба изилденет.

**"Кыргыз Республикасында калкка социалдык насыя берүүнү өнүктүрүүнүн келечеги" деп** аталган үчүнчү бөлүмдө Кыргыз Республикасында социалдык насыя берүү программасын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөр жана келечеги изилденет. Анда эл аралык тажрыйбанын негизинде АТФ микрокредиттик уюмунун "Грамин" жана "ТҮМ" Фондунун үлгүсүндө иштелип чыккан калкты социалдык насыялоо модели сунушталат. Калкка социалдык насыя берүүнүн насыялык тобокелдиктери жана аларды минималдаштыруунун мүмкүн болгон жолдору да иликтенет.

Окурмандын кызыгуусун ар дайым сактоого аракет кылыңыз. Аргументтерди ырааттуу жана уюшкандыкта келтириңиз. Диссертациянын үстүндө көп убакыт иштегендиктен, аргументтериңиз сизге абдан түшүнүктүү көрүнүшү ыктымал, бирок сиз башкалар үчүн жазып жатканыңызды унутпаңыз. Кызыккан окурман

сиздин тармагыңыздагы адис болбосо да, сиздин ишиңизди түшүнө билиши керек.[15]

**Резюмеде сунуштамалар менен таблица камтылышы зарыл.**

*3.4.3. МДнын негизги бөлүгү*

Диссертациянын текстиндеги бардык ырастоолор далилдер менен тастыкталышы зарыл. Көйгөйлүү маселелер, адабиятка сереп, теория жана эмпирикалык жыйынтыктар так жана өз ара натыйжалуу байланыштырылышы керек. Диссертацияда бир параграфтан жана главадан экинчисине өтүү так жана логикалык жактан аргументтелген болушу керек.

Адатта, МД үч бөлүмдөн турат:

- биринчи главада көйгөйдү изилдөөнүн теориялык жана методикалык негиздери (чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөр тарабынан көйгөйдүн изилденген деңгээли, адабияттарга сереп, алдыңкы тажрыйбаларды изилдөө ж.б.) берилет.
- экинчи главада изилденип жаткан көйгөй талданат (ченемдик укуктук актыларды, фактылык материалдарды, анын ичинде статистиканы талдоо жүргүзүлөт);
- үчүнчү главада изилденип жаткан көйгөйдү чечүү боюнча сунуштар иштелип чыгат, мүмкүн болгон тобокелдиктер, андан аркы өнүгүү жолдору аныкталат ж.б.

Магистрдик диссертациянын негизги текстинде магистрдик диссертациянын темасына тиешелүү башка изилдөөчүлөрдүн ыкмаларын жана жыйынтыктарын баса белгилеген адабияттар жана теориялык сереп көрсөтүлүшү керек. Бул серепте учурдагы мамилелерден келип чыккан көйгөйлөрдү белгилөөгө болот. Диссертациялык иш магистранттын билимин кеңейтүүгө багытталышы керектигин ар дайым эстен чыгарбоо маанилүү. Башка изилдөөчүлөрдүн идеяларын сынчыл ой жүгүртүү аркылуу берүү магистрдик диссертациянын толук болушуна шарт түзөт. Чыгармачыл изилдөөнү көрсөтүүгө аракет кылуу керек жана бул жаңы теориянын өнүгүшүнө алып келбесе да, магистрдик диссертациянын аргументтеринин оригиналдуулугу өтө маанилүү. Бардык

[15]Methodical Manual for the MSc Theses Writing, Czech University of Life Sciences Pragu.

учурларда теория магистрдик диссертациянын теманы түшүнгөнүн көрсөткөндөй берилиши керек.

Магистрдик диссертациянын дагы бир маанилүү бөлүгү - магистранттын изилдөөнүн жыйынтыктарын жана талдоолорун көрсөтүүсү. Мында магистрант изилдөө мезгилинде топтолгон маалыматтарды жөн гана берип койбостон, ошондой эле бул маалыматтар кантип чогултулганын, талданганын же иштетилгенин түшүндүрүүсү да талап кылынат. Ошондой эле, маалыматтардын магистрдик диссертациянын теориялык бөлүмүнө кандай тиешеси бар экенин көрсөтүү маанилүү.

Натыйжаларды чечмелөөдөн баштоо жакшы идея. Бул жагдай магистрант өзүнүн жыйынтыктарын кайталабайт, тескерисинче, аларды чечмелейт дегенди билдирет. Бул учурда мурунку главадагы тексттерге же таблицаларга жана сүрөттөргө шилтеме жасалышы керек. Талкууда ошондой эле жыйынтыктар окшош маселелер боюнча заманбап билимди кандайча чагылдыргандыгы көрсөтүлүшү керек. Ошондой эле, магистранттын жыйынтыктары башка изилдөөчүлөрдүн жыйынтыктары менен шайкештигин же дал келбестигин талкуулоо зарыл.

*3.4.4 Корутунду кандай жазылат?*

Изилдөөнүн аргументтерин жана жыйынтыктарын келтиргенден кийин, корутунду жазылат. Корутундуда коюлган суроолорго жооптор берилет жана изилдөөнүн жыйынтыктары магистрант тарабынан айтылган гипотезаларды тастыктайбы же жокко чыгарабы деген тыянак чыгарылат.

Мындан тышкары, магистрант төмөнкү суроолорго жооп бере алат:

- Изилдөөнүн жыйынтыктары башка авторлордун жыйынтыктары жана тыянактары менен кандайча салыштырылат? Жыйынтыктар кайсы жерде окшош, кайсы жерде айырмаланат жана муну кантип түшүндүрсө болот?
- Бул изилдөө каралып жаткан көйгөй боюнча билимге эмне кошту?
- Изилдөө кандай мүмкүнчүлүктөрдү ачат?
- Изилдөөгө таянып кандай болжолдорду айтууга болот?

Корутундуда изилдөөнүн жыйынтыктары жана аларды практикалык колдонуу боюнча сунуштар келтирилет.

### 3.4. МДны тариздөө эрежелери

*Шрифт* – TimesNewRoman :

аталыштар – 16 шрифт өлчөмү, баш тамгалар (кара менен басмаланган тамгалар);

негизги текст – шрифттин өлчөмү 14;

шилтемелер – шрифттин өлчөмү 10;

*Барактын параметрлери, чектери:*

сол жагы – 3 см;

оң жагы – 1,5 см;

үстүнкү бөлүгү – 2 см;

төмөнкү бөлүгү – 2 см;

Саптардын аралыгы 1 / 1.15. Абзацтын ичинде чегинүү жок.

Абзацтардын ортосундагы аралык бир сап (автоматтык түрдө коюлбайт)

**Сүрөттөр.** Графиктер, диаграммалар, сүрөттөр жана башка графикалык материалдар сүрөттөр катары номерлениши керек. Номерлөө сүрөттөрдүн тизмесине дал келиши керек.

Сүрөттү тариздөө мисалы:

**2021-жыл** **2022-жыл**




*1-сүрөт. Чет элдик жарандардын жарандыгы бар өлкөлөр боюнча Кыргыз Республикасынын чек арасынан өтүү (келүү) саны (жыйынтыгы пайыз менен)*[16]

Таблицаны тариздөөнүн мисалы:

*2-таблица. Үй чарбаларынын жан башына орточо кирешеси (айына сом менен)*[17]

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы сумма | 5625.4 | 6647.8 | 7948.4 | 9716.0 | 11318.6 |
| Эмгек акы, ишкердик ишмердүүлүктөн түшкөн киреше | 3793.8 | 4406.3 | 5479.5 | 6888.9 | 8159.2 |
| Социалдык которуулар | 938.6 | 987.9 | 1155.9 | 1423.5 | 1703.5 |
| Айыл чарба продукцияларын, тоютту жана малды сатуудан түшкөн киреше | 671.0 | 949.6 | 984.7 | 1054.2 | 1013.1 |
| Мүлктөн түшкөн киреше | 24.7 | 42.9 | 76.8 | 45.1 | 83.5 |
| Башка накталай акча түшүүлөр | 197.2 | 261.0 | 251.5 | 349.6 | 359.4 |

[16]Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин отчету. 2022-жылы Кыргыз Республикасындагы туризм. https://stat.gov.kg/media/files/705bc0dc-40a7-45b9-9a99-f20886fcf067.docx (кирүү күнү: 22.02.2026)
[17]Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтары . Кирүү режими : https://stat.gov.kg/ru/statistics/download/dynamic/532/ ( кирүү күнү : 22.02.2026 )

**Цитатанын шилтемеси** цитата алынган булакка шилтеме берүү же тактоо үчүн гана колдонулат. Шилтемелер барактын төмөн жагында таризделет. Шилтемени үтүр, чекит же башка тыныш белгисинен мурун киргизүү керек

*Мисал:* **Биринчи сүйлөм[18]. Экинчи сүйлөм**.

**Булактар**. Таблица түзүүдө текстте колдонулган маалыматтын булагын же таблица алынган булакты АР ДАЙЫМ көрсөтүшүңүз керек.

Бардык жазылган иштерде библиография жана шилтемелер камтылышы керек. Сиз өз ишиңизде изилдеп, шилтеме берген адабияттарды гана кошушуңуз керек.

Эгерде сиз сөзмө-сөз цитата келтирип жатсаңыз, анда цитаталанган текстти тырмакчага алып, тырмакчадан кийин булакка шилтеме кошосуз. Диссертацияңыздын текстинде булакка шилтеме келтирилгенде, сиз белгилүү бир барактарды көрсөтөсүз (мисалы, 48-бет), ал эми библиографияда сиз булакты келтирип, барактардын жалпы санын көрсөтөсүз (мисалы, 150 бет).

МДнын аягында колдонулган адабияттардын тизмеси берилет. Изилдөө жүргүзүүдө жана диссертация жазууда сиз чындыгында колдонгон адабияттар жана булактар гана тизмеге киргизилет. Тизме алфавиттик тартипте берилет, номерленет жана бир нече бөлүмдөрдөн турат.

Басылмага шилтеме төмөнкүдөй форматта берилет:

- китептер, монографиялар: Автордун фамилиясы жана аты-жөнүнүн баш тамгалары. Китептин аталышы. Шаар: Басмакана, жылы.
- мезгилдүү адабияттагы макалалар: Автордун фамилиясы жана аты-жөнүнүн баш тамгалары. Макаланын аталышы//Журналдын аталышы, номери, жылы, барактарынын номерлери.
- интернет булактары: Автордун фамилиясы жана аты-жөнүнүн баш тамгалары. Макаланын аталышы, жылы. Кирүү режими: веб-баракчага шилтеме.

Адабият төмөнкүдөй таризде берилет, *мисалы* :

---

[18]Шилтеме

**Ченемдик укуктук актылар:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы // Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтын борбордук маалымат базасы. - Бишкек, 2021. - Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3096/edition/2849/ru.

**Китептер, монографиялар, диссертациялар, диссертациялардын авторефераттары:**

Кыргыз Республикасынын аймагындагы кооптуу процесстерди жана кубулуштарды мониторингдөө жана болжолдоо (14-басылышы, өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен), Б.: Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, 2022, - 750 б.

**Мезгилдүү адабияттардагы макалалар:**

А.А. Лаврушева. Мамлекеттик башкаруудагы гендердик асимметриянын көйгөйлөрү: жөнгө салуу жолдору // КубМАУнун илимий журналы, 2022, № 127(03).

**Интернет булагы:**

Кыргыз Республикасындагы көп өлчөмдүү жакырчылыкты баалоо, 2020, ЮНИСЕФ. Кирүү режими: https://www.unicef.org/kyrgyzstan/media/7001/file/Multidimensional%20poverty%20measurement%20and%20assessment_Russian.pdf (кирүү күнү: 22.02.2026)

## 4. МДны БААЛОО

### 4.1. МДнын илимий жетекчисинен пикир жана баа алуу

Магистранттар магистрдик диссертациясы менен кошо сын-пикир тапшырышы керек. Ар бир рецензенттин баалоосунун жыйынтыктары Мамлекеттик аттестациялык комиссияга берилет жана магистрдик диссертациянын жыйынтыктоочу баасын аныктоодо диссертацияны коргоо үчүн алынган баа менен бирге эске алынат.

Пикирде жетекчи магистрдик диссертациянын толук темасын баяндап, студенттин иши боюнча пикирин, анын ичинде ишти өз убагында аткаргандыгы, канчалык тыгыз кызматташкандыгы, ошондой эле иликтөө жана изилдөө иштеринин көлөмү, магистрант МД темасы боюнча өздүк сунуштарын негиздөө үчүн кандай методдорду колдонгондугу жөнүндө маалымат берет.

Андан кийин, жетекчи магистрдик диссертациянын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн объектиси жана предмети, теориялык-методологиялык негизи жана маалымат базасы, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн колдонмо гипотезасы, теориялык жана практикалык мааниси тууралуу мүнөздөмө берет. Магистрдик диссертациянын жыйынтыктарын: сунуштарды, сунуштамаларды, магистрдик диссертациянын күчтүү жана чабал жактарын сүрөттөйт. Ошондой эле, иш түзүмү жана мазмуну боюнча темага шайкештигин талкуулайт.

Аягында жетекчи диссертациялык ишти коргоого уруксат берилгендигин/берилбегендигин жана магистрант “Магистр” академиялык даражасына татыктуубу же жокпу белгилейт.

Илимий жетекчинин толук аты-жөнү, колу жана датасы көрсөтүлөт[19].

### 4.2. МП жетекчиси тарабынан МДны баалоо жана коргоого уруксат берүү

Магистрдик диссертацияны аяктаган соң жана илимий жетекчиден пикир (жана зарыл болсо, илимий-изилдөө практикадан өтүүчү жетекчиден сын-пикир)

---

[19] *13-тиркемени караңыз.*

алгандан кийин, магистрант магистрдик диссертациянын акыркы версиясын коргоого эки жума калганда МПнын жетекчисине текшерүүгө тапшырат.

МПнын жетекчиси диссертациянын түзүмү жана мазмуну диссертацияларды жазуу боюнча ушул окуу-методикалык колдонмого шайкештигин текшерет жана диссертациянын текстинин плагиатка текшерүү отчетунун жыйынтыктарын карайт. Диссертациянын өз алдынчалыгы 70% болушу керек.

Текшерүүдөн кийин, МПнын жетекчиси КРП МБАдан магистр даражасын алуу үчүн Мамлекеттик аттестациялык комиссияда диссертацияны коргоого уруксат берет.

Төмөнкү учурларда магистрдик диссертациялар коргоого кабыл алынбайт:

- магистрант магистрдик диссертациясын текшерүүгө белгиленген мөөнөттө тапшырган эмес;
- иштин өз алдынчалыгы 70% дан аз;
- иштин түзүлүшү МДны жазуу боюнча бул окуу-методикалык колдонмого шайкеш келбейт;
- МДнын аталышы тиешелүү буйрук менен бекитилген темага дал келбейт.

Магистрант МДны коргоого 10 күн калганда уруксат алышы керек.

Коргоого бекитилгенден кийин, бүткөрүлгөн магистрдик диссертациялар жетекчинин пикири жана плагиатка каршы программадан өткөндүгү тууралуу отчету менен бирге МПда сакталат. Коргоо күнү тиешелүү буйрук менен бекитилген техникалык катчы коргоочулардын магистрдик диссертацияларын коргоо бөлмөсүнө алып барат.

# 5. ПЛАГИАТ ТУУРАЛУУ

## 5.1. Плагиат деген эмне? МДнын уникалдуулугу

Плагиат – бул башка биրөөнүн илимий эмгегине, адабий чыгармасына, аналитикалык тыянактарына, сунуштарына, санариптик же графикалык натыйжаларына авторлукту атайылап ээлеп алуу болуп саналат.

Плагиат – бул академиялык эрежелерди олуттуу бузуу, бул үчүн эреже бузгандар жоопкерчиликке тартылып, катуу жазаланышы керек болгон академиялык алдамчылыктын бир түрү болуп эсептелет. Бирок, кимдир бирөөнү академиялык алдамчылык жана плагиат боюнча айыптар алдында, академиялык алдамчылыктын чектерин жана эрежелерин так аныктоо зарыл:

– Окуу тармагына жана окуу жылына карабастан, бири-бирине же башка студенттин ишине окшош же бирдей текшерүү ишин же квалификациялык ишти тапшыруу.
– Башка авторлордун чыгармасын (башка магистранттын, автордун, окутуучунун чыгармасын, Интернеттен жана башка басылмалардан алынган тексттерди жана сүрөттөрдү ж.б.) өзүнүкү катары сунуштоо.
– Башка авторлордун чыгармаларынан сүйлөмдөрдү жана абзацтарды кылдат жана так цитата келтирбестен, шилтеме берүү, библиографиялык тизмелерди жана эскертүүлөрдү жүргүзүү эрежелерин сактабастан кайталоо.

Башка автордун сөздөрүн жана маалыматын колдоно турган жалгыз учур - аларды сөзмө-сөз, тырмакчага алганда гана, жана шилтемеден кийин дароо түз шилтеме кошулганда гана болот. Түз шилтемелер жалпы кабыл алынган академиялык салт, бирок текстти түз шилтемелер менен толтурбоо жакшы. Цитатадан кийинки шилтеме библиографияда көрсөтүлгөн булакка багытталышы керек ( *Тариздөө боюнча жогоруда берилген көрсөтмөлөрдү караңыз*).

**Төмөнкү учурлар Плагиат эмес деп эсептелет:**

1) Булакка шилтеме берүү менен бирге, кимдир бирөөнүн аргументтерин өз сөзүңүз менен кыскача баяндоо.

2) Басылып чыккан эмгектерди колдонуп, башкача айтып берүү аркылуу аргументтерди өнүктүрүү. Кайрадан башкача түзүлгөн сүйлөмдүн же абзацтын аягында булак көрсөтүлүшү керек.

**Плагиат үчүн төмөнкү жазалар колдонулат:**

1) Биринчи анча чоң эмес эреже бузуу (бир нече бири-бирине байланышпаган сүйлөмдөр). Окутуучу студентке плагиат жөнүндө маалымат берет, плагиаттын аныктамасы боюнча өзүнүн позициясын түшүндүрөт жана академиялык бүтүндүктү бузуунун бул түрү үчүн окуу программасында көрсөтүлгөн упайлардын санын алып салат (адатта, бул типтеги иш үчүн жалпы баанын 10% га чейин). Ошондой эле студенттин өздүк делосуна студент плагиат эрежелерин жана саясатын бузгандыгы жөнүндө жазуу жазылат.
2) Биринчи олуттуу эреже бузуу (плагиат материалынын олуттуу көлөмү — бир нече обочолонгон сүйлөмдөрдөн, бүтүндөй абзацтан же бир нече абзацтардан көп). Окутуучу студентке эреже бузуу жөнүндө кабарлайт жана эгерде тийиштүү түшүндүрмө алынбаса, ишти программанын жетекчисине же бөлүм башчысына өткөрүп берет. Адатта, бул иликтөөнүн натыйжасында иш “нөл” деген баа алат. Студенттин өздүк делосуна плагиат жана көрүлгөн чаралар тууралуу эскертүү жазылат.
3) Кайталап эреже бузуу учурунда тартиптик чараларды көрүү, анын ичинде окуудан чыгаруу үчүн академиялык эрежелерди сактабагандыгы жөнүндө толук маалымат аныкталган эреже бузууларды тиркөө менен, кесиптик даярдоо жогорку мектебине (КДЖМ) билдирүү түрүндө берилет.

**Жазаларга төмөнкүлөр кирет:**

1) Оозеки сөгүш.
2) Жазуу жүзүндөгү сөгүш.
3) Магистрдик диссертация боюнча иштөөдөн 1 жылга четтетүү.
4) Магистратурадан чыгаруу.

## 5.2. Плагиатка каршы программаны колдонуп, коргоодон мурун МДны текшерүү

Бардык магистранттар коргоого эки жума калганда плагиат текшерүүсүнөн өтүү үчүн МПга өздөрүнүн иштерин тапшырышы зарыл. Магистрдик диссертация

кеминде 70% оригиналдуу болушу керек. Болбосо, магистрант коргоого киргизилбейт.

Плагиатка каршы программадан өткөндүгү тууралуу жооптуу адис тарабынан кол коюлган, уникалдуулуктун пайызын көрсөткөн отчет МДга тиркелиши керек.

КРПМБА магистранттарга Антиплагиат платформасында магистрдик ишин плагиатка эки жолу акысыз текшерүү укугун берет.

Магистрант  жооптуу адиске магистрдик документтин электрондук версиясын берүү менен “Антиплагиат" текшерүүсүнөн өтөт. Жооптуу адис “Антиплагиат" текшерүүсүнөн өткөндүгү тууралуу маалымкат берет, аны студент МД менен кошо МПга тапшырат.

## 6. МДны коргоо

### 6.1. Коргоо учурундагы сөздү, презентацияны кантип даярдоо жана эмне жөнүндө сүйлөө керек?

Магистрдик диссертацияны коргоо учурунда студент изилдөө ишинин текстин кайталабашы керек. Анын ордуна, төмөнкү элементтерди камтыган презентация даярдашы керек:

- Эмне үчүн бул тема тандалып алынган?
- Актуалдуулугу, көйгөйлөрү жана гипотезалар.
- Бул илимий иштин жаңылыгы эмнеде?
- Изилдөө методологиясын негиздөө.
- Магистрдик диссертацияңыздын маанилүүлүгү эмнеде? Анын илимий жана практикалык мааниси.
- Бул иш кандай изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн ачат?
- Бул изилдөөнүн академиялык коомчулук үчүн кандай пайдасы бар?
- Бул тема боюнча ушул убакка чейин кандай изилдөөлөр жүргүзүлдү?
- Изилдөөдөгү көйгөйлөр, МДнын чабал иштелген жактары жана кемчиликтери.
- Кандай жыйынтыктарга келдиңиз? Маселени чечүү боюнча кандай тыянактарыңыз жана сунуштарыңыз бар?
- Бул жыйынтыктарга жетүүгө мүмкүндүк берген аргументтер.
- Сунушталган МД кайсы мамлекеттик органга пайда алып келиши мүмкүн?

### 6.2. Сүйлөө регламенти

Магистрдик диссертациянын жыйынтыктарын презентациялоого 5-7 мүнөт берилет. Эң көп дегенде 10 слайддан турган PowerPoint презентациясын колдонуу сунушталат. Коргоонун алдында презентацияны коргоо дарсканасында жайгашкан компьютерге жүктөп алышыңыз керек.

МДны баалоо КРПМБА ректорунун буйругу менен бекитилген Мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Презентациядан кийин Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү суроолорду бере алышат. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн суроолоруна жооптор так, кыска жана жүйөлүү болушу, этикалык ченемдерге жана эрежелерге ылайык келиши керек.

Ар бир комиссия мүчөсү өзүнүн баасын коёт, андан кийин техникалык катчы орточо арифметикалык бааны эсептеп, тиешелүү таблицаны толтурат. Комиссиялык коюлган бааны кайра карап чыгууга же даттанууга болбойт.

Коргоонун жыйынтыктары ошол эле күнү Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы же төраганын орун басары тарабынан МДны коргогон бардык угуучулардын катышуусунда жарыяланат.

Башка бардык оң натыйжаларга карабастан, МДны коргоодо канааттандырарлык эмес баа алган магистрант КРПМБАдан чыгарылат жана ага “Магистр” академиялык даражасы ыйгарылбайт.

*1-тиркеме. МДнын темасын бекитүү үчүн арыздын үлгүсү*

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Ж.Абдрахманов атындагы
Мамлекеттик башкаруу
академиясынын проректору

________________________________

_________тобунун магистранты

___________________________________

(толук аты-жөнү)

Арыз

**Менин магистрдик диссертациямдын төмөндөгү темасын[20]**

________________________________________________________________________________

________________________________________________________________________________

бекитип берүүңүздү суранам**:**

МДнын темасынын мамлекеттик/расмий тилдеги аталышы[21]:

________________________________________________________________________________

________________________________________________________________________________

Дата

Магистранттын толук аты-жөнү жана колу:________________________________________

Магистранттын телефон номерлери____________________________________________

[20]МДнын жазуу тилинде

[21]эгерде мамлекеттик тилде жазылган болсо, анда расмий тилге котормосу берилет жана тескерисинче.

*2-тиркеме. МДнын титулдук барагынын үлгүсү*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ЖУСУП АБДРАХМАНОВ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

**МАГИСТРАТУРА ПРОГРАММАСЫ**

КОРГООГО УРУКСАТ БЕРИЛДИ

МП жетекчиси

_____________________________

_____________________________

«____» ____________ 20__-жыл

МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ

_______________________________________

(магистранттын толук аты-жөнү)

______________________________________________________________

(теманын аталышы)

_________________________________________________________

Багыт: ___________________________________________________

Программа: _________________________________________________________

Топ: ________________________________________________________

Жетекчи: ________________________________________________________

(толук аты-жөнү, илимий даражасы, наамы, колу )

Бишкек 20__

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентине караштуу**
**Ж.Абдрахманов атындагы**
**Мамлекеттик башкаруу**
**академиясы**

**Магистратура программасы**

***Бишкек ш., 720040***
***Панфилов көчөсү, 237***
***тел.: 62-31-00, 62-25-05***
***Факс: 66-36-14***
***эл.дарек: dm.apap@mail.ru***

**Бул магистрдик диссертациянын мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын пикири менен дал келбеши мүмкүн. Магистрдик диссертациянын мазмуну үчүн толук жоопкерчиликти авторлор тартат.**

**МАЗМУНУ**

Кыскартуулардын тизмеси ______________________________5
Таблицалардын тизмеси________________________________7
Сүрөттөрдүн тизмеси__________________________________9
РЕЗЮМЕ ЖАНА СУНУШТАР__________________________10
КИРИШҮҮ ___________________________________________11
1-ГЛАВА ____________________________________________17
1.1. _________________________________________________17
1.2. _________________________________________________31
1.3. _________________________________________________31
2-ГЛАВА ____________________________________________38
2.1. _________________________________________________38
2.2. _________________________________________________50
2.3. _________________________________________________50
3-ГЛАВА_____________________________________________60
3.1. _________________________________________________60
3.2. _________________________________________________67
КОРУТУНДУ__________________________________________73
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ__________76
ТИРКЕМЕЛЕР _________________________________________79

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ (үлгү)**

| | | |
|---|---|---|
| АБ | – | Айыл банкы |
| ИДП | – | Ички дүң продукт |
| ГБ | – | Грамин банкы |
| КР КБ | – | Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары |
| ГБ НК | – | Грамин банкынын насыялык куржуну |
| КР | – | Кыргыз Республикасы |
| МФУ | – | Микрофинансылык уюм |
| КРУБ | – | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| КНС | – | Кошумча нарк салыгы |
| УСК | – | Улуттук статистикалык комитет |
| КРӨ | – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| БР | – | Беларусь Республикасы |
| РФ | – | Россия Федерациясы |
| КМШ | – | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| АКШ | – | Америка Кошмо Штаттары |
| ТР | – | Түркия Республикасы |

## ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ (үлгү)

**1-таблица.** Керектөө боюнча Жинни коэффициенти____________________35

**2-таблица.** Айыл чарба тармагындагы пайыздык төлөмдөрдүн көлөмү ___46

**3-таблица.** Grameen Bankтын ишинин көрсөткүчтөрү__________________55

**4-таблица.** "ТҮМ" Фондунун ишинин көрсөткүчтөрү__________________57

**5-таблица.** Кыргыз Республикасында калкка социалдык насыя берүүнү өнүктүрүү боюнча сунуштар___________________________________________64

**6-таблица.** Кирешеси жогору жаш үй-бүлөлөргө социалдык турак жай берүү шарттары_______________________________________________________71

**7-таблица.** Кирешеси аз жаш үй-бүлөлөргө социалдык турак жай берүү шарттары_________________________________________________________71

**8-таблица.** Жеке сектор тарабынан курулушту каржылоо_________________72

## СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ (мисалы)

**1-сүрөт.** Керектөө чыгымдары жакырчылык чегинен төмөн болгон калктын үлүшү___36
**2-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы жумушсуздуктун динамикасы___ 37
**3-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы жумушсуздуктун деңгээлинин динамикасы ___ 38
**4-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын калкынын тышкы миграциясынын динамикасы___39
**5-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы орточо номиналдык эмгек акы___40
**6-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын турак жай фонду___41
**7-сүрөт.** Кыргыз Республикасында турак жай имараттарын пайдаланууга берүүнүн динамикасы___42
**8-сүрөт.** Кыргыз Республикасында бир адамга туура келген жалпы аянт___42
**9-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдардын насыя портфелинин өсүү динамикасы___45
**10-сүрөт.** КР алуу максатында калкты микрокредиттөө___46
**11-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын насыя портфелинин өсүү динамикасы (мезгил үчүн)___ 49
**12-сүрөт.** Коммерциялык банктар тарабынан тармактар боюнча берилген насыялар (2024-жыл)___50

**13-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын экономика секторлорунун Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын жалпы көлөмүндөгү үлүшүнүн динамикасы_____________________________________________________51

**14-сүрөт.** Кыргыз Республикасындагы ипотека боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен_____________________________________________52

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ[22]

1) Негизги булактар:
- мыйзам чыгаруу материалдары;
- кеңсе документтери;
- статистикалык булактар;
- стандарттар;
- нускамалар.

2) Экинчилик булактар:
- монографиялар;
- жыйнактар;
- көп томдук басылмалар;
- окуу-методикалык адабияттар;
- жыйнактардан жана мезгилдүү басылмалардан алынган макалалар.

3) Интернет булактары:
- веб-сайттар, порталдар.

[22] 3.5 караңыз. МДны тариздөө эрежелери

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ**
**Ж.Абдрахманов атындагы**
**МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

**Магистратура программасы**

**Магистратура программасынын студенти _________**
**<u>Асанов Асан Асановичтин</u>**
**магистрдик диссертациясына**
**илимий жетекчисинин**
**ПИКИРИ**
Магистрдик диссертациянын темасы: **<u>Кыргыз Республикасынын калкына социалдык насыя берүүнү өнүктүрүүнүн келечеги</u>**

Магистрант А.А. Асанов жогорку деңгээлдеги даярдыкты жана өз алдынчалыкты көрсөттү, изилдөө темасына чыгармачылык менен мамиле кылып, магистрдик диссертациясы үчүн зарыл болгон адабияттарды, анын ичинде окуу жана нормативдик булактарды, ошондой эле мезгилдүү басылмаларды, статистикалык, аналитикалык материалдарды жана илимий эмгектерди изилдеди. Изилдөө учурунда ал ар кандай экономикалык изилдөө методдорун: аналитикалык, абстракттуу-логикалык, сандык жана сапаттык методдорду колдонгон. А.А. Асановдун магистрдик диссертациясында экономикалык-статистикалык методдор, анын ичинде салыштыруу, графиктер жана таблицалык методдор колдонулган, бул магистрантка калкты социалдык насыялоонун өздүк моделин негиздөөгө жана сунуштоого мүмкүндүк берген.

Магистрдик диссертацияда тандалган изилдөө темасынын актуалдуулугуна негиздеме берилген, ага жетүү үчүн зарыл болгон максат жана милдеттер баяндалган, изилдөөнүн объектиси жана предмети, теориялык-методологиялык негизи жана маалымат базасы, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн колдонмо гипотезасы, анын теориялык жана практикалык мааниси аныкталган. Изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, А.А. Асанов республиканын социалдык-экономикалык абалын жана анын азыркы реалдуулуктагы өнүгүшүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын калкы үчүн натыйжалуу

социалдык насыялоо программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыккан жана сунуштаган.

Бул магистрдик диссертациянын артыкчылыгы социалдык насыянын теориялык жана методологиялык негиздерин негиздөө жана өркүндөтүү, ошондой эле калкка социалдык насыя берүүнүн моделин иштеп чыгуу болуп саналат, ал кийинчерээк Кыргыз Республикасында калк үчүн натыйжалуу социалдык насыялоо программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда колдонулушу мүмкүн.

Иштин кемчиликтеринин ичинен, анын бир аз так эмес жана болжолдуу мүнөзгө ээ экенин белгилей кетүү керек, бирок бул сунушталган изилдөөнүн башка артыкчылыктарын кемитпейт жана ошого таянып, келечекте бул эсептөөлөр практикалык ишке ашыруу учурунда инфляцияны жана баалардын өсүшүн эске алуу менен түзөтүү киргизилиши керек.

Иш түзүлүшү жана мазмуну боюнча көрсөтүлгөн темага толук шайкеш келет. Магистрдик диссертация логикалык түзүлүшкө ээ, мазмуну толук жана ушул түрдөгү изилдөөлөргө коюлган талаптарга так жооп берет.

Асанов Асан Асановичке магистрдик диссертациясын коргоого уруксат берилди жана ага “Магистр” академиялык даражасы ыйгарылууга татыктуу.

Жетекчиси: Толук аты-жөнү, илимий даражасы жана академиялык наамы

Кол тамга:
Дата:

*11-тиркеме. “КРП МБА жарчысы”журналына жарыялоо үчүн берилген автордук материалдарга коюлуучу талаптар*

1. Журнал мурда жарыяланбаган кол жазмаларды кабыл алат.
2. Редакция кол жазманын 2 нускасын кабыл алат (ксерокөчүрмөлөр кабыл алынбайт), Times New Roman шрифти менен №12 шрифт өлчөмүндө, сап аралыгы 1 болуп басылып, макаланын көлөмү 6-7 бетке чейин болушу керек. Макалада төмөнкүлөр камтылышы керек:

- УДК индекси;
- Автордун (авторлордун) фамилиясы жана инициалдары, макаланын аталышы кыргыз, орус жана англис тилдеринде;
- **Аннотация (abstract) -** кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазылат**.** Аннотациянын минималдуу көлөмү 100 белгиден ашпашы керек. Аннотацияны жазууда ар кандай кыскартууларды жана аббревиатураларды колдонуудан алыс болуңуз. Англис тилиндеги аннотация орус тилиндеги аннотациянын котормосу болушу керек. **Автоматтык котормолорду же онлайн котормолорду сунуштаган интернет кызматтарды** колдонууга **жол берилбейт.** Бардык аннотациялар редактор тарабынан текшерилет; эгерде аннотациянын электрондук котормочу аркылуу которулганы аныкталса, ал кайра которулат жана котормонун баасы автоматтык түрдө жарыялоо баасына кошулат.
- **Кыргыз, орус жана англис тилдериндеги негизги сөздөр жана сөз айкаштары (keywords)** кеминде 10 сөз/сөз айкашынан турушу керек. **Негизги сөздөр жана сөз айкаштары үтүрлүү чекит менен бөлүнөт.** Негизги сөздөрдө (басма жана онлайн версияларында) кыскартууларды жана аббревиатураларды колдонууга жол берилбейт.
- Макала илимий көйгөйдү, жаңылыкты, практикалык баалуулукту так чагылдырып, материалды терең талдоону камтышы керек.
- Талаптарга ылайык таризделген цитаталанган булактардын тизмеси: терминдердин, белгилер, кыскартуулардын жана символдордун бир түрдүүлүгү ж.б.

3. Макала жазууда төмөнкү планды карманнуу керек:

- Материалдын жогорку оң бурчунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт: автор жөнүндө маалымат, ал төмөнкү тартипте берилиши керек: толук аты-жөнү, байланыш

телефонунун номери, электрондук почта дареги, кызмат орду, иштеген жери, илимий даражасы, наамы).

- Макаланын аталышы баш тамгалар менен, тырмакчасыз, асты сызылбастан басылат.
- Компьютерде үстү жана асты жагында 1 бош сап аралыгы, ал эми четки талаалардын өлчөмдөрү: сол жагы – 30 мм кем эмес, оң жагы – 10 мм кем эмес, үстү жагы – 20 мм кем эмес, асты жагы – 20 мм кем эмес.
- Пайдаланылган адабияттардын тизмеси макаланын аягында шилтемелердин тартибинде номерленет жана Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарына ылайык түзүлөт.
- Цитаталанган илимий булактарга шилтемелер текстте төрт бурчтуу кашаанын ичинде шилтеме берилген барактын номери менен берилет (мисалы, [3], [5.7]).

4. Ар бир булактын библиографиялык сүрөттөмөсүндө төмөнкүлөр камтылышы керек: автордун (авторлордун) толук аты-жөнү, басылманын аталышы, басылып чыккан жылы, басмакананын аталышы, барактардын саны.
5. Баяндаманын текстиндеги грамматикалык жана башка каталар үчүн автор жооптуу.
6. Материалга автор кол коюшу керек.
7. Магистранттардын кагаз жүзүндөгү баяндамалары илимий жетекчи тарабынан бекитилиши керек.
8. Берилген макалага 1 (бир) сын-пикирдин болушу зарыл.
9. Тапшырылган макалалар журналдын редакциялык кеңеши тарабынан каралып, рецензияланышы керек, эгерде алар тема, мазмун жана тариздөө талаптарына жооп бербесе, жарыяланбашы мүмкүн.
10. Редакциялык кеңеш жарыялоо үчүн берилген материалдарды тандап алуу укугун өзүнө калтырат. Зарыл болгон учурда, кол жазма авторго кайра карап чыгуу үчүн кайтарылып берилет, андан кийин редакциялык кеңеш тарабынан бардык комментарийлерге жооптор менен кайрадан каралат.
11. Уюштуруучулук төлөм **(редакциялык кеңештин макулдугу менен)** төмөнкүлөр аркылуу төлөнүшү мүмкүн **:**

**Накталай эмес түрдө банктык реквизиттер:**

АЛУУЧУ: Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы (*БАНКТЫК РЕКВИЗИТТЕРДИ КРПМБА БУХГАЛТЕРИЯСЫНАН АЛУУ КЕРЕК)

Толөө багытында толук маалыматтар камтылышы керек: толук аты-жөнү. КРПМБА Жарчысына макала үчүн төлөм

**РУБРИКАЛАР: “**Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу”; “Экономика жана бизнес”; “Саясат жана укук”; “Регионалдык өнүктүрүү”; “Коррупцияга каршы саясат”; “Геосаясат”; “Билим берүү”; “Илимий турмуш”.